своих способностей и особенностей, то государственные органы во многом ответственны за состояние финансово-экономической, материально-технической и нормативно-правовой подсистем, составляющих ИОС школ.

**Список цитируемых источников:**

1. Андреев А.А. Педагогика высшей школы. – М: МЭСИ, 2002. – 356 с.
2. Беляев Г.Ю. Педагогическая характеристика образовательной среды в различных типах образовательных учреждений. – М.: ИЦКПС, 2000.-179 с.
3. Слободчиков В. И. Образовательная среда: реализация целей образования в пространстве культуры // Новые ценности образования: культурные модели школ. – М., 1997. – Вып. 7. – С. 177-184.
4. Ясвин В.А. Образовательная среда: от моделирования к проектированию. – ЦКФЛ РАО, 1997. – 248 с.

УДК: 378.2(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-64-68

**Сулайманова Р.Т., Нурбаева А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Сулайманова Р.Т., Нурбаева А.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Sulaimanova R.T., Nurbaeva A.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0008-8433-939X, SPIN-код: 9357-7698 [1]

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ МУГАЛИМДЕРИ
# НАРОДНЫЕ УЧИТЕЛЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# PEOPLE'S TEACHERS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** Макалада азыркы учурдагы мугалимдик кесиптин айрым маселелери каралды. Учурдун эң көйгөйлүү маслелеринин бири бала бакчадан баштап жогорку класстагы окуучула интернет менен олтурушуп, окуу китептерине көп карабай калышы болуп калды. Мындан тышкары дүйнөдөгү миграция дагы мектеп окуучуларына терс таасирлерин тийгизүүдө. Мындай учурда мугалимдин окутуу мотвациясы күчтүү, компетенциясы кеңири жана заманбап талаптарга ылайык квалификацияларга ээ болушу зарыл. Макала азыркы учурда келечек муундарга татыктуу билим берүүчү жана гумандуу тарбияны камсыздоочу мугалимдерди даярдоо кечиктирилгис актуалдуу маселелерден экендиги жана колдоо иштери зарыл экендиги баса белгиленди.

**Аннотация:** В статье рассматриваются некоторые вопросы современной педагогической профессии. Одной из самых проблемных проблем того времени было то, что старшеклассник, начиная с детского сада, сидел в интернете и часто не смотрел учебники. Кроме того, миграция в мире также оказывает негативное влияние на школьников. В этом случае необходимо, чтобы у учителя была сильная мотивация к обучению, широкая

компетенция и квалификация в соответствии с современными требованиями. В статье подчеркивалось, что в настоящее время подготовка учителей, обеспечивающих достойное образование и гуманное воспитание будущих поколений, является одной из неотложных актуальных задач и необходима поддержка.

**Abstract:** The article deals with some issues of the modern pedagogical profession. One of the most problematic problems of that time was that a high school student, starting from kindergarten, was surfing the Internet and often did not look at textbooks. In addition, migration in the world also has a negative impact on schoolchildren. In this case, it is necessary that the teacher has a strong motivation for learning, broad competence and qualifications in accordance with modern requirements. The article emphasized that at present the training of teachers who provide a decent education and humane upbringing of future generations is one of the urgent urgent tasks and support is needed.

**Негизги сөздөр:** педагогика, гумандуу, мугалим, компетенция, мотивация, заманбап, стандарттык, билим берүү, метод, каражат.

**Ключевые слова:** педагогика, гуманный, учитель, компетенция, мотивация, современный, стандартный, образование, метод, средство.

**Keywords:** pedagogy, humane, teacher, competence, motivation, modern, standard, education, method, means.

Азыркы учурда келечек муундарга татыктуу билим берүүчү жана гумандуу тарбияны камсыздоочу мугалимдерди даярдоо кечиктирилгис актуалдуу маселелерден экендиги баарыбызга белгилүү. Учурдун педагогдордун функциясы тууралуу педагог Йылмаз Өзакпынар мындайча пикирин билдирген: "Коомдун ынаным-ишенимдеринен, үрп-адаттарынан, турумдарынан (позицияларынан), баалуулуктарынан жөндөм-шыгынан жаралган маалыматтарынан түзүлгөн маданиятын жаңы муундарга өткөрүү; 2) жетилип келе жаткан жаш адамдардын интеллектуалдык сезимталдык кудуретин жана эрктерин тен салмактуу түрдүү өнүктүрүү менен, алардын ар биринин инсан болушуна кам көрүү. Адамды тарбиялоонун бул эки тарабынын биринчиси коомдун учук улоочулугун, экинчиси коомдун чыгармачылык менен өзгөргөн шарттарга көнүүсүн шарттайт"[5.23]. Айтылган эки багытты тең алып жүрүү, окуучуларды инсандыкка багыттоо, чыгармачылыкка үйрөтүү иштеринин өркүндөшүн талап кылат жана заманбап мугалимдерди изденүүгө, коомдун талабына жараша эмгектенүүгө милдеттендирмекчи. Ансыз да биздин билим берүү системабызда аталган багытта маселелер арбын. Ошондуктан окутулган дисциплиналардын санына эмес, окутуунун сапатына маани берүү зарылчылыгы туулду. Ар бир чыныгы үйрөнүү (окуу) инсан ан сезиминде ар кандай маселелерге болгон көз карашында, баалоо ыкмасында, сезими жана табитинде, проблемаларды көрө билүү жана аны чече алуу жөндөмүндө өзгөрүү жарата алат.

Жалпы эле келечекте окутуу сферасы боюнча көптөгөн жылдар бою, нечендеген изилдөөлөр жүргүзүлүп келсе дагы методикалык-педагогикалык жактан системалуу илимий-изилдөө актуалдуу бойдон калууда. Айрыкча жогорку класстын окуучуларын окутууда заманбап стандарттык билим берүү курч маселелерди жаратууда. Билим берүүгө жаңы программалардын кириши, балдардын билимге болгон жогору талабы, билим берүү ишмердүүлүгүнүн структурасынын өзгөрүшү мектепте мугалим жана алардын ата-энелери дагы чоң түйшүктөрдү пайда кылды [4.34]. Себеби, эртеден кечке бала бакчадан баштап жогорку класстагы окуучулар учурда интернет менен олтурушат жана ашыкча, керексиз

маалыматтарды кабыл алуу менен алектенишет. Китепканаларга барып, окуу китептерин, адабий чыгармаларды окуу маселеси дагы бүгүнкү окутууда татаалдыктарды жаратпай койбойт. Мындай учурда мугалимдин окутуу мотвациясы күчтүү, компетенциясы кеңири жана заманбап талаптарга ылайык квалификацияларга ээ болушу зарыл. Аталган багытта окуу мотивациясын калыптандырууга концепцияларды, методикалар менен технологияларды иштеп чыгуу иштери боюнча педагогдор В.Г Асеев, О.С. Гребенюк, А.К. Маркова, М.В. Матюшкина, М.П. Осипова, Н.Ф. Талызина, А.Т. Цветкова, Т.И. Шамова, Г.И. Щукиналар көрүнүктүү эмгектерин жазышкан жана “эталон катары окуунун каалаган мотивдерин берүү идеясы, же болгон мотивдердин таасирин ачууга же оңдоого мүмкүндүк берүүчү активдүү окуу ишмердүүлүгүнө баланы киргизүү” - деген бирдиктүү пикирин айтышкан. Ошондой эле аталган авторлордун эмгектеринде окуу материалынын мазмуну, окуу жана класстан тышкаркы ишмердүүлүктү уюштуруунун конкреттүү формалары, окутуунун методдору жана ыкмалары, окуу ишмердүүлүгүн баалоо жана позитивдүү бекемдөө, педагогдун инсандыгы, анын ишмердүүлүгү жана окуучулар менен өз ара мамилеси, класстагы микроклимат, таанып билүүчү ишмердүүлүктүн туура (рационалдуу) ыкмалары, окуу процессиндеги өз алдынча иш, окуучулардын пикир алмашуусун өнүктүрүү, окуучулардын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу сыяктуу стимулдаштыруунун айрым педагогикалык методдорун, ыкмаларын жана каражаттарын издөө жүргүзүлгөн.

Жогоруда айтылгандар проблеманын жеткиликтүү деңгээлде изилденбегенин көрсөтөт жана проблеманын актуалдуулугун тастыктайт, ошону менен бирге аталган проблеманы билим берүүнүн мамлекеттик стандартын жүзөгө ашыруунун актуалдуу милдеттери катарында кароого болот. Маалыматтарды түшүнүү же китептен окуп коюу менен гана бул максат жүзөгө аша койбойт. Окуучулар ал билим (маалыматтын) эсте калганын аныктоо менен гана алек болсо инсан тарбиялоо милдетин аткара албаган болуп чыгат. Кызыгууну ойготуу, алакалардын пайда болушуна жардам берүү, окууга чечкиндүүлүктүн жана эмгекке эрктүүлүктүн өнүктүрүлүшү мугалимдин окуучу менен болгон мамилесинде байкоого ала турган маселелерден. Кандай гана предмет болбосун, мугалим ошол касиетти данакерлиги аркылуу окуучунун ой жүгүртүү методдоруна ээ болуусуна аракет жасашы керек. Мисалы математика, физика, биология илимдери, экономика, тарых илимдери булардын баары негизинен ой жүгүртүү методдорун талап кылат. Башталгыч жана орто билим берүүдө азырынча маани берилбегенине карабастан, бул аталган тармактар маалымат ой жүгүртүү методдоруна ылайык экинчи мааниге ээ болуу менен бирге белгилүү бир мазмун аркылуу акылга өтүп орун алган бул жалпы ой жүгүртүү методдору түрдүү өзгөчө абалдардын тандай алуу менен ишке ашат. Артыкчылыктуу мамилелерди түзө алган, окууга чечкиндүү, эрки күчтүү, ой жүгүртүү методдорун билген, ахлактык мүнөзү калыптанган, социалдык мамиледе калыптанган жана өзүн чектей билген, табити жана сезимталдыгы мыкты инсандар жалан баяндоого таянган окутуу аркылуу тарбияланбайт. Чыныгы билим берүүдө мугалим окуучунун инсандык мамилелери биринчи орунда болушу керек. Учурда инсандык жана мүнөздүк сапаттары жаатынан карап, мугалим болууга ылайык же ылайык эмес экендигин баалоо үчүн критерийлерди иштеп чыгуу зарыл. Сүйлөгөн сөздөрү чын жүрөктөн чыгуусу жана мурда өздөрү ынануулары кажет, ошондой эле бул сөздөр алардын инсандык сапатын көрсөтүүгө тийиш. Мектеп мүдүрлөрү мугалим лидерлердин зарыл экенине ишенүүлөрү кажет жана мындай инсандардын устаттык жөндөмдөрүнө баа берүүсү лаазым.

Бүгүнкү күндө аталган болочок мугалимдин коммуникативдүү компетенциясынын манызын ачууда дагы бир өзгөчөлүк пайда болду: сабак берип жаткан мугалимдин, билим алып жаткан окуучунун ар тараптан коммуникацияга даяр болуу түйшүктөнүүсүн талап кылуу менен бирге, туура ойлонуу, стилистикалык тактыкты сактоо, эл аралык сүйлөө этикеттерин колдонуу компетенциялары ж.б.саналат. Педагогикалык жогорку окуу жайларда коммуникативдик багытты коомдун шартына ылайык окутууда үзгүлтүксүз квалификациялык жогорулатуулар, конференциялар байма-бай өтүп турат. Оозеки туура сүйлөө компетенциясы бул чыныгы мугалимдин кесиптик компетенциясы менен тыгыз байланышта. Себеби, мугалим чет тилди үйрөтүүдө белгилүү бир теманы багыттап, белгилүү бир окуя жөнүндө ар түрлүү коммуникативдик ыкмалар менен айта алышы керек. Бул жерде болочок мугалимдин кесиптик коммуникативдик компетенттүүлүгү гана калыптанбайт. Е.И. Пассов айткандай: "Башка элдин тилин билген адис катары да жоопкерчилиги жогору болуп калат" [6.148]. Акыркы жылдары билимдер менен көндүмдөргө окуучулардын ийгиликтүү ээ болуусун камсыздоодогу окуунун оң мотивациясынын ролуна педагогдордун түшүнүүсү күч алды. Буга байланыштуу башталгыч жана жогорку класстын окуучуларынын билимдерге ээ болууларынын сапатын жогорулатуу проблемасы, анын ичинде, окуу ишмердүүлүгүнө оң окуу мотивациясын калыптандыруу жана өнүктүрүү проблемасы өсүүдө. Мындай мотивация аларды туруктуу, системалуу окуу ишине козгойт. Мындай мотивациясыз педагогикалык процесстеги окуучунун ишмердүүлүгү эффективдүү болбой калат. Ошондуктан, баланын андан аркы окуусу үчүн маанилүү болгон мотивдерди калыптандыруу, анын өздүк окуу ишмердүүлүгүндө өзү эле турмуштук маанилүү максат болуп калат. Ошону менен катар башка максаттарга жетүүнүн каражаты гана болуп саналбастан, окуучунун андан аркы окуусун ансыз элестетүүгө мүмкүн болбогон зарыл шарт да болуп саналат. Тажрыйба көрсөткөндөй, окуучулардын учурдагы автоматизация шартына байланыштуу көпчүлүгүндө эффективдүү окуу үчүн зарыл мотивдер калыптанбай калып жатат. Демек, мектеп менен мугалимдер окуучулардын ишмердүүлүгүнүн мотивациялык чөйрөсүн калыптандыруу процессин башкарууну өз колдоруна алышы керек. Ошондой эле, башталгыч класстадан тартып, жогорку класстын окуучуларына чейин окуу ишмердүүлүгүнө оң туруктуу таанып-билүүсүн калыптандыруунун жолдору менен методдорун карап чыгышыбыз керек. Айрыкча мектептин жашоосуна алгач бет алган кенже мектеп курактагы окуучулары үчүн билимдерди аң-сезимдүү өздөштүрүү абдан маанилүү. Мектептеги окутуунун биринчи күнүнөн баштап, окуу процессин окуучулар алга жылууларын көрө билгидей кылып куруу зарыл, мотивдерге окуучулар бүгүнкү күн менен келечегинин ортосундагы байланышты белгилегидей кылып жекече маани берүү керек деп эсептейбиз. Максаттарды так коюу жана аларды окуучуларды түшүнүүсү олуттуу мааниге ээ болот.

Жыйынтыктап айтканда, мугалим менен окуучунун ортосунда психологиялык контакт белгиленип, мамиле чын ыкластан болуш керек деп эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Акйүз Яхя . Түркияда мугалимдердин коомдук өзгөрүүдөгү таасири. Анкара. 1978.

2. Акматалиев А. Каада салт,адамдык оң-терс сапат.Б.2002

3. Бекбоев И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Б.Бекбоев, А.Алимбеков, – Бишкек, «Бийиктик», 2001 – ж 28 – б 29.

4. Бекбоев И.Б. Инсанга багытап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек.: Педагогика века. – 2004. – 384 – б.

5. Кыргыз-түрк Манас университетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңыча усул-ыкмалары. Усулдук колдонмо. Б: 2006.
6. Йылмаз Өзакпынар. Улуттук таалим-тарбиянын максаттары жана мугалимдин кишилик сапаттары. Бишкек. 1987.23.
7. Пассов Е. И. Беседы об уроке иностранного языка [Текст] / Е.И.Пассов, Т.И. Колова., Т.А. Волкова., Т.Н. Добронравова: Пособие для студентов педагогических институтов. –М.: Просвещение, 1971. –148 с.
8. Сияев Т.М. Азыркы мезгилдин мугалиминин профессионалдык компетенттүүлүгү: мотив компоненти [Текст] / Т.М.Сияев // Материалы международной научно-практической конференции : «Наследие просветителей 153 в культуре, образовании и их влияние на современность» КГУ имени И.Арабаева. – Бишкек,2012.–С.20–23.

УДК: 316.356.2
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-68-72

**Халитова И.Р.**
Абай атындагы Улуттук педагогикалык университети
**Халитова И.Р.**
Национальный педагогический университет имени Абая
**Khalitova I.R.**
National Pedagogical Universiti named after Abay

## АБАЙ КУНАНБАЕВДИН КООМДУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШ ПРАКТИКАСЫНДА СУНУШ КЫЛГАН ИДЕЯЛАРЫ
## ИДЕИ ВНУШЕНИЯ АБАЯ КУНАНБАЕВА В ПРАКТИКЕ СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ РАБОТЫ
## IDEAS OF SUGGESTION BY ABAI KUNANBAEV IN THE PRACTICE OF SOCIAL AND PEDAGOGICAL WORK

**Аннотация:** Макаланын жаңылыгы Абайдын поэзиясын сунуш кылуу методдорун педагогикалык иш практикасына киргизгендигинде. Тактап айтканда, акындын бүгүнкү күнгө чейин ачыла элек, иш жүзүндө колдонулбай келген чыгармаларынын бир касиети – сунуш (саггестей – сунуш) күчү. Бул жерде акындын чыгармаларынын көрсөтүлгөн касиетин кеңири жайылтуу, аны практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү максатын көздөп жатабыз. Даанышмандын башка тилге которууда мааниси сакталып калышы мүмкүн, бирок сөздүн сөз айкалышынын кооздугу дайыма жоголуп кетет.

**Аннотация:** Новизна статьи состоит во внедрении методов внушения поэзии Абая в практику педагогической работа. А именно, одно из свойств произведений поэта, не раскрытых до сегодняшнего дня, не применявшихся в практике – сила внушения (saggestey – внушение). Здесь мы ставим целью популяризацию указанного свойства произведений поэта, показать возможность применения его в практике. В переводе подленника на любой другой язык, может остаться смысел, но красота словасочетании слова теряется всегда.

**Abstract:** The novelty of the article lies in the introduction of the methods of suggestion of Abai's poetry into the practice of pedagogical work. Namely, one of the properties of the poet's